Д 13.20.618 И. Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы диссертациялык кеңештин эксперти педагогика илимдеринин доктору, профессор Мамытов Абакирдин 13.00.01 - Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Баялиева Айсулу Суютбековнанын "Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялык салттарды колдонуунун педагогикалык шарттары" деген темадагы диссертациясынын

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт изденүүчү педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Баялиева Айсулу Суютбековнанын "Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялык салттарды колдонуунун педагогикалык шарттары" деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Сунуш кылынган кандидаттык диссертация Д 13.20.618 диссертациялык кеңештин профилине туура келет жана 13.00.01 - Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы илимий адистиктин паспортундагы 6 пункттун талаптарына ("тарбия жана билим берүү, инсандарды педагогиканын каражаттары менен социалдаштыруу жана өнүктүрүү багыты") жооп берет. Иштин мазмуну жана алынган негизги натыйжалар болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялык салттарды колдонуунун педагогикалык шарттарын аныктоо менен байланыштуу. ~~Ага байланыштуу~~
2. **Иштин максаты:** болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо элдик демократиялык баалулук каада-салттары колдонуунун илимий-теориялык негиздерин аныктоо жана педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу катары аныкталган. Изилдөөнүн алкагында 4 милдет коюлган. Алар болочок мугалимдерди демократиялык каада-салттар аркылуу кесиптик жактан даярдоонун илимий-теориялык негиздерин аныктоо (1-милдет), жаштарды демократиялуулукка тарбиялоодогу кыргыз элинин каада-салттарынын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн ачып көрсөтүү (2-милдет), болочок мугалимдерди деомркатиялуулукка багытталган кесиптик даярдыгынын абалын аныктоо жана аны өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу (3-милдет), аныкталган педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү жана жыйынтыктоо (4-милдет).

Биздин оюбузча изилдөөнүн максаты жана милдеттери жетиштүү деңгээлдеги байланышка ээ жана алардын илимий өңүттө чечилиши диссертациянын темасынын актуалдуулугун, алынган материалдардын жана натыйжалардын жалпы педагогикалык баалулуктарга ээ экендигин айгинелейт.

**3. Илимий натыйжалар.**

3.1. Иште төрт илимий натыйжа алынган: болочок мугалимдерди демократиялык каада салттар аркылуу кесиптик жактан даярдоонун илимий–теориялык негиздери таалим–тарбия берүүнүн приоритеттүү багыты экендиги жана анын мазмундук, мотивациялык-дөөлөттүк жана уюштуруучулук-технологиялык компоненттерден тураары (1-натыйжа), кыргыз элинин демократиялуулук каада-салттарынын болочок мугалимдерди даярдоодогу мүмкүнчүлүктөрүнүн айкындалышы (2-натыйжа), аталган даярдоодо талап кылынуучу педагогикалык шарттардын аныкталышы, компетенциялардын мазмунунун, денгээлдеринин, көрсөткүчтөрүнүн жана баалоо критерийлеринин иштелип чыгышы (3-натыйжа), тийиштүү педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун далилдеген педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары (4-натыйжа).

3.2. Биздин оюбузча, изилдөөнүн илимий натыйжалары негиздүү жана ынанымдуу. Анткени, жалпысынан 180 ден ашык илимий булактар талданган жана мазмундук жактан негизделген педагогикалык эксперимент өткөрүлгөн, топтолгон маалымат тийиштүү денгээлде анализденген жана жалпыланган.

3.3. Иштин жетиштүү деңгээлдеги теориялык жана практикалык мааниси бар, анткени алынган натыйжалар жалпы жана этнопедагогикалык көз караштарды байытат, диссертант тарабынан иштелип чыккан “Кыргыз элдик каада-салттар жана демократиялыкка тарбиялоо” аттуу кошумча өнүктүрүү программасы жана анын окуу-методикалык комплекси болочок мугалимдерди даярдоого тийиштүү салым кошо алат.

3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши. Мүнөзү боюнча – илимий өнүттө негиздүү жоболорду камтыйт, ал эми алынган натыйжалары жаңылыгы жана баалуулугу менен мүнөздөлөт. Жумуш Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттин жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын илимий иштеринин планынын алкагында аткарылган, ал эми алынган натыйжаларды билим берүү тармагынын алкагында колдонууга сунуштаса болот.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Диссертант тарабынан алынган натыйжалар болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн жакшыртат, изилдөөдө аныкталган даярдык дэнгээлдер жана критерийлер окутуу-тарбиялоо процессин уюштурууга салым кошот.

**5. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферattын мазмуну негизинен диссертациянын мазмунуна дал келет, бирок кээ бир кемчиликтер да орун алгандыгына байланыштуу тактоо түзөтүүлөрдү киргизүүгө муктаж.

**6. Кемчиликтер:**

Диссертациялык жумуш жалпысынан жакшы жана жатык тил менен жазылган. Бирок кээ бир кемчиликтерге да жол берилген. Алардын негизгилери төмөндөгүлөр:

**6.1. Киришүү боюнча:**

- Кыргыз Республикасынын “Балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө” мыйзамы качан кабыл алынганы боюнча маалымат жок (3, 35 беттер), колдонулган адабияттардын тизмесинде да аталган мыйзам көрсөтүлгөн эмес;
- Диссертациялык иштин темасынын илимий программалар менен байланышында тийиштүү кафедранын кайсы жылдарга карата иш планына киргенин көрсөтүлгөн эмес (7 бет);

**6.2. Биринчи бап боюнча:**

- “Демократиялуулук” түшүнүгү кеңири жана ар тараптуу талданган, бирок диссертациянын темасы билим берүү процесси менен байланыштуу экендигин эске алып, ал эми кыргыз элинин тарыхында диний билим берүү да орун алганын четке какпай, мындай билим берүүдө балдарды молдокелерге окутууга берип жатып “эти сеники, сөөгү меники”, – деп кайрылгандары демократиялык көз карашка дал келбешин белгилеп кетсе ашыкча болбос эле;
- Биринчи баптагы кээ бир материалдарды экинчи бапка жайгаштырууну сунуштайм. Мисалы, мугалимдердин баштапкы деңгээлин аныктоодо бир катар изилдөө ыкмалары колдонгону тууралуу маалымат берилген (анкета толтуруу, байкоо, тестирлөө, ангемелешүү ж.б.у.с., 66 бет). Инструкциянын талаптарына ылайык мындай маалымат экинчи бапта орун алышы шарт.

**6.3. Экинчи бап боюнча:**

- математикалык–статистикалык методду колдонуу тууралуу маалымат ынанымдуу эмес (74 бет). Анткени, сиз колдонгон ыкма пайыздык катышты аныктоо менен эле чектелет жана статистикалык методго тийешеси жок. Ал эми биз сөз кылып жаткан метод эксперименттин жыйынтыгында алынган көрсөткүчтөрдүн орточо чоңдугун аныктоо максатында колдонулат. Алар: арифметикалык орто маани (сандык көрсөткүчтөрдүн суммасын алардын жалпы санына бөлгөндөн келип чыккан тийинди), медиана (статистикалык катардын ортосунун көрсөткүчү), дисперсия (көрсөткүчтөрдүн орточо чоңдуктун тегерегинде жайылыш даражасы). Буларды эсептөө үчүн атайын формулалар, маалыматтык таблицалар колдонулат. Диссертацияда мындай маалымат орун алган эмес;
- илимий методдорду мүнөздөөнү кенейтүүнү сунуш кылам. Мисалы, диагностикалоочу кесиптик методдорду чечмелөө иштин максатын жана милдеттерин ачыктоодо маанилүү болмок (75 бет);
- аныктоочу эксперименттин алкагында жүргүзүлгөн мугалимдеринин (76-78 беттер) жана бүтүрүүчү студенттердин (79-85 беттер) даярдык деңгээлдерин мүнөздөгөн анкеталык

сурамжылоонун жыйынтыктарын 2 бапта берилгени негиздүү эмес. Инструкцияда эмпирикалык методдордун жыйынтыктарын жана алардын анализин үчүнчү бапка жайгаштыруу каралган;

- укуктук-нормативдик документтерди талкуулоо жана аларды өркүндөтүү тууралуу сунуштардын берилгендиги (95 бет) олуттуу мааниге ээ, -деп эсептейм жана аларды конкреттештүрүүнү сунуштайм. Мисалы, "Билим берүү жөнүндө" мыйзамга жана "Мектеп билиминдеги предметтик билим берүүнү жаңылоо" концепциясына кандай сунуштар берилгенин тактоо маанилүү роль ойнойт;

**6.4. Үчүнчү бап боюнча:**

- бир катар таблицаларда мазмундук каталарга жол берилген. Мисалы, "Эксперименталдык жумуштарга чейин" деген аталыш "Эксперименталдык жумуштардан кийин" деп 3.6, 3.7, 3.8 таблицаларда ондолушу зарыл;
- таблицаларды номерлөөдө 3.8 таблицасы эки жолу кайталанып калган (157 жана 160 беттер);

**6.5. Корутунду боюнча:**

- Төртүнчү корутундуга тактоолорду киргизүүнү сунуштайм. Эксперименталдык жана текшерүүчү топтордун студенттерине мүнөздүү конкреттүү цифралык көрсөткүчтөрдү көрсөтүү зарыл деп эсептейм.

**6.6. Колдонулган адабияттардын тизмеси боюнча:**

- Диссертациянын мазмунунда көрсөтүлгөн мыйзамдарды, указдарды жана концепцияларды тизмеге кошууну сунуштайм;
- "Билим берүү жөнүндө" мыйзамдын юридикалык күчүн жоготкон вариантына басым жасап (1992-ж), учурда аракетте болуп жаткан вариантын (2003 ж) эсепке албоо туура эмес деп **эсептейм.**

**7. Сунуштар:** Жогоруда белгилеген кемчиликтерди оңдоп чыгуу сунушун берем.

**8. Кабыл алуу боюнча рекомендация.** Жогоруда белгиленген кемчиликтер сунуш иретинде белгиленди жана диссертацияны кабыл алууга жана алдын ала коргоого уруксат берүүгө жарайт, – деп белгилесе болот.

**9. Бүтүм.** Баялиева Айсулу Суютбековнанын "Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялык салттарды колдонуунун педагогикалык шарттары", – деген темадагы диссертациясы 13.00.01 – "Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык иш катары эсептөөгө жарайт жана жаңы илимий натыйжаларды камтыйт. Изденүүчүнүн жеке салымы, ага таандык идея жана аналитикалык ырастоолор негизинен жетиштүү жана педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алууга татыктуу.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып** И. Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.20.618 диссертациялык кеңешине 13.00.01 - "Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Баялиева Айсулу Суютбековнанын "Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялык салттарды колдонуунун педагогикалык шарттары",– деген темадагы диссертациясы кабыл алууга жана алдын ала коргоого жарайт деп эсептейт.

Педагогика илимдеринин доктору, профессор,
Кыргыз билим берүү академиясынын билим берүүдөгү практикаларды жана инновацияларды баалоо лабораториясынын башкы илимий кызматкери А. Мамытов

А. Мамытовдун койгон кол белгисин тастыктайм.
КББАнын кадрлар бөлүмүнүн башчысы Ж. Бекмаматова
10 январь 2022 жыл

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

Эксперт А.И. Мамытовдун кол тамгасын тастыктаймын
Дисс. кеңештин окум. катчысы Ф.К. Дюшеева

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча **Д 13.20.618** диссертациялык **кеңештин эксперти,** педагогика илимдеринин кандидаты, **профессор К.Ч.Джанузаковдун 13.00.01. – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарыхы** боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген **Баялиева Айсулуу Суютбековнанын "Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялуулук салттарды колдонуунун педагогикалык шарттары"** деген темадагы диссертациясына

**Корутундусу**

**Эксперт,** изденүүчү **Баялиева Айсулуу Суютбековнанын "Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялуулук салттарды колдонуунун педагогикалык шарттары"** деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

**Баялиева Айсулуу Суютбековна** тарабынан даярдалып сунушталган кандидаттык диссертация И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча **Д 13.20.618** диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Диссертациялык иште **13.00.01. – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарых** адистигинин паспортунун 5 жана 7 пунктарынын талаптарына толугу менен жооп берүүчү, жогорку педагогикалык окуу жайларда болочок мугалимдерди кесиптик жактан сапаттуу даярдоого багытталган окуу процессинде демократиялуулук баалуулуктар жөнүндө билим берүү жана кыргыз элинин демократиялуулук каада-саалттарынын маанисин ачкан макал-лакаптардын негизинде студенттердин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун жолдорун, өзгөчөлүктөрүн иликтөөгө жана аларды окуу-тарбия процессинде колдонуунун жаңы каражаттарын жана шарттарын иштеп чыгууга байланыштуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

**2. Диссертациялык иштин максаты.**

Диссертациялык иштин максаты катары изденүүчү – болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо элдик демократиялуулук каада-салттарды колдонуунун илимий-теориялык негиздерин аныктоо жана педагогикалык шарттарды иштеп чыгуу – деп белгилеген.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу жолу менен чечилген:

1. Болочок мугалимдерди демократиялуулук каада-салттар аркылуу кесиптик жактан даярдоонун илимий-теориялык негиздерин аныктоо.

2. Жаштарды демократиялуулукка даярдоодогу кыргыз элинин каада-салттарынын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн ачып көрсөтүү.

3. Болочок мугалимдерди демократиялуулукка багытталган кесиптик даярдыгынын абалын аныктоо жана аны өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу.

4. Аныкталган педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү жана жыйынтыктоо.

Диссертациялык иштин милдеттери негизинен изилдөөнүн максатына жаңы илимий жолдор менен жетүүгө, педагогикалык практикада орун алып келе жаткан карама-каршылыктарды жоюууга, белгилеген илимий божомолду туура чечүүгө жана ишке ашырууга багытталып алынган.

Диссертациялык иштин изилдөө обьектиси катары - болочок мугалимдерди жогорку педагогикалык билим берүү системасында кесиптик даярдоо, ал эми изилдөөнүн предметин – болочок мугалимдерди кыргыз элинин демократиялуулук каада-салттары аркылуу окуучуларды демократиялуулука тарбиялоого даярдоо процесси – деп белгиленген. Изилдөөнүн обьектиси жана предмети, биздин оюбузча, диссертациянын максатына жетүүгө жана илимий иштин негизги баалуулугун ачууга багытталып алынган.

Изденүүчү тарабынан, диссертациялык изилдөө ишинин максатына жетүү жана милдеттерин ишке ашыруу үчүн педагогика илиминин негизги изилдөө методдорунан болгон баардык теориялык жана эмпирикалык изилдөө методдору, ошондой эле жалпы логикалык, тарыхый-салыштырма, педагогикалык жана социологиялык методдору кеңири колдонулуп, изилдөө иштери аткарылган. Изилдөө методдорун колдонуу менен алынган илимий жыйынтыктар соңунда педагогикалык эксперимент жүргүзүү менен текшерилип, эксперименталдык материалдардын ишенимдүүлүгү статистикалык салыштырма жолу менен текшерилип, алынган жыйынтыктардын эффективдүүлүгү аныкталган.

## 3. Илимий натыйжалар.

Диссертациялык иште жалпы педагогика жана этнопедагогика илиминин, билим берүүнүн теориясы, методикасы жана практикасынын өнүгүүсү үчүн жогорку мааниге ээ болгон төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык жана практикалык натыйжалар алынган:

1. Болочок мугалимдерди демократиялуулук каада-салттар аркылуу кесиптик жактан даярдоонун илимий - теориялык негиздери бүгүнкү күндөгү жана келечектеги таалим-тарбиянын приоритеттүү багыттарынан болору жана аталган багыттагы билим берүүнүн мазмундук, мотивациялык-дөөлөттүк, уюштуруучулук – технологиялык компоненттери такталган.

2. Болочок мугалимдерди демократиялуулук шартында иштөөдө жана демократиялык принциптерди жайылтууда кыргыз элинин демократиялуулук

каада-салттарынын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңири экендиги айкындалган.

3. Болочок мугалимдерди элдик каада-салттарды колдонуу менен мектеп окуучуларын демократиялуулукка тарбиялоо боюнча кесиптик жактан даярдоонун педагогикалык шарттары, компетенцияларынын мазмуну, деңгээлдери, көрсөткүчтөрү жана аларды баалоо критерийлери иштелип чыккан.

4. Демократиялуулук каада-салттарды колдонуу боюнча болочок мугалимдерди кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары педагогикалык эксперимент аркылуу тастыкталып, илимий-практикалык сунуштар иштелип чыккан.

Алынган илимий натыйжалардын илимий жаңылыгы жана баалуулугу-болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо, алардын педагогикалык тажрыйбасын калыптандырууда кыргыз элинин этнопедагогикалык каада-салттарынын баалуулуктарынын негизинде даярдоонун жолдорунун жана педагогикалык шарттарынын илимий-теориялык негиздеринин изилденип чыгышында. Илимий натыйжалардын алынышы жана алардын талдалышы, аргументтелип берилиши негиздүү жана квалификациялык белгилерге туура келет.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациялык иште алынган натыйжалардын илимий-практикалык маанилүүлүгү негиздүү. Анткени, бул илимий эмгекке чейин болочок мугалимдерди кесиптик жактан сапаттуу даярдоодо, алардын педагогикалык чеберчилигин калыптандырууда демократиялуулук каада-салттардын баалуулуктарын колдонуунун илимий-теориялык негиздери, алардын маанилүүлүгү жана жаш муундарды улуттук каада-салттар аркылуу демократиялуулукка тарбиялоонун илимий-педагогикалык маселелери, жолдору, көйгөйлүү суроолору илимий негизде ачык жана методологиялык жактан толук изилденбей келген. Өзгөчө жалпы билим берүү мекемелеринин мугалимдеринин жаш муундарды демократиялуулукка тарбиялоого багытталган кесиптик тажрыйбасын байытуу, демократиялуулук тарбия-таалим берүү иштерин салттуу педагоганын практикалык баалулуктарынын негизинде уюштуруу жана жүргүзүүнүн этнопедагогикалык маселелери, ыкмалары, каражаттары, шарттары эксперименталдык жол менен иштелип чыкпаган.

Диссертациялык изилдөөдөн алынган натыйжаларды жана практикалык сунуштарды педагогикалык жогорку окуу жайлардын атайын жана жалпы кесиптик калыптандыруу сабактарында, педагогикалык практикаларды уюштуруп өткөрүү процесстеринде жана педагогдордун кесиптик квалификациясын жогорулатуу курстарында, семинарларында жана болочок педагогдордун атайын кесиптик компетенцияларын калыптандырууга багытталган семинарларында, педагогикалык иш-чараларында кеңири колдонсо болот.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Изденүүчү Баялиева Айсулуу Суютбековнанын диссертациялык ишинин авторефератынын жазылышы, изилдөөлөрдөн алынган материалдардын, жыйынтыктоочу ой-пикирлеринин, корутундуларынын мазмунунун логикалык жактан түшүнүктүү кылып кыскартылып берилиши, диссертациянын толук кол жазмасынын мазмунуна дал келет.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

**1.** Диссертациялык изилдөөнүн илимий негизин аныктоочу жана өзөктүү түшүнүктөрүн түзүүчү котегорияларга: **“Демократиялуулук каада-салттар”, “Демократиялык билим берүү” жана “Демократиялык баалуулуктар”** деген жалпы илимий жана педагогикалык түшүнүктөрдүн мазмунун илимий негиздүү ачууга басымдуу көңүл бурулбай, аларга илимий-педагогикалык талдоолор жана илимий эмгектин максатына багытталган аныктамалар берилбей калган. Белгиленген түшүнүктөргө көңүл буруу жана алардын педагогикалык мазмунун жана илимий-теориялык негизин ачыктоо, диссертациялык иштин жаңы илимий жаңылыгы жана жобосу болоору шек санатпайт.

**2.** Диссертациянын биринчи бапында изилдөөнүн илимий багытынын негизин аныктоочу **“Болочок мугалимдердин педагогикалык компетенцияларын калыптандырууда демократиялуулук каада-салттардын орду, мазмуну жана мааниси”** деген ой-пикирге жеткиликтүү жана мазмундуу, негиздүү көңүл бурулбай калгандай ой жаратат. Биздин оюбузча, болочок мугалимдерди демократиялуулукка тарбиялоого жана алардын демократиялык баалуулуктарын ( мекенчилдик, адилеттүүлүк, адам укугу, коомдук байлык, улууларды урматтоо, көпчүлүккө баш ийүү ж.б.) калыптандырууга багытталган каада салттардын тизмеги же курамы (классификациясы) өзүнчө бөлүнүп аныкталууну талап кылат.

**3.** Педагогикалык эксперименттин эксперименталдык-өзгөртүүчү программасынын мазмуну, көзөмөлдүк группанын сабактарынын мазмунуна салыштырмалуу, жеткиликтүү ачык, мазмундуу берилбей калган жана басымдуу айырмачылыктарды белгилөөнү талап кылат.

**4.** Диссертациянын баптарынын корутундулары, эмгектин жалпы корутундуларынын жана педагогикалык шарттардын мазмуну илимий эмгектин максатына жана алынган милдеттерине жараша мазмундуу редакцияланып иштеп чыгууну талап кылат.

**5.** Диссертациянын кол жазмасында жана авторефераттын текстинде орун алып калган айрым орфографиялык жана стилистикалык каталар, татаал сүйлөмдөр, терминдер, сөздөр, таблицалардын аталышы жана темалары мазмундуу илимий тилде редакцияланып чыгууларды жана тактоолорду (16 бет, 2 абзац; 28 б.,1 абз.; 45 б.,2 абз.; 58 б., “алдааракта”;60 б., 3 абз.; 75 б., 2 абз.; 76 б., 1.1. табл.; 78 б., 3 абз.; 100 б.,3 абз.; 106 б.,2-3 абз.; 107 б., 113б., 140 б.,3.4. таб.; 164 б.,1,2; ж.б.) талап кылат.

7. **Сунуштар.**

Негизинен диссертациялык иш илимий жактан жетиштүү деңгээлде даярдалган. Биздин оюбузча:

* диссертациянын биринчи бапынын корутундусунда болочок мугалимдерди демократиялуулук каада-салттар аркылуу кесиптик жактан даярдоонун илимий-теориялык негиздери ачык жана илимий мазмунда такталып берилсе;

* педагогикалык эксперименттин уюштурулуш өзгөчөлүктөрү, узактыгынын сааттык көлөмдөрү, аткарылган изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына карата так жооп ирээтинде берилсе жана илимий мазмундуу сүйлөмдөр менен редакцияланып иштелип чыгып түзүлсө;

* болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоо процессинде **демократиялуулук баалуулуктарды калыптандырууга багытталган салттарды колдонуунун педагогикалык модели** иштелип чыкса, диссертациялык иштин илимий деңгээли жана баалуулугу жогору болот.

Диссертациялык изилдөөлөрдүн негизинде даярдаган практикалык сунуштар бир аз жупунураак жана үстүртөн болуп калгандай ой жаратат. Практикалык сунуштар кайрадан такталып, толукталып жана илимий-методикалык жактан байытылып берүүнү талап кылат.

8. **Сунуштамалар.**

Диссертациянын кол жазмасында орун алып калган айрым татаал, бир канча ойлорду камтыган сүйлөмдөрдү кайрадан карап чыгуу жана жөнөкөй түшүнүктүү тилде берүү туура болот. Кол жазманын сүйлөмдөрүнүн мазмунун мүмкүн болушунча илимий тилде жана редакцияда (стилде) берилишине көңүл буруу керектиги сунушталат.

Диссертациялык иште демократиялуулук салттардын мазмунуна жана түрлөрүнө караганда элдик макал-лакаптардын аталышына басымдуу көңүл бурулуп калган. Биздин оюбузча, эмгекте, болочок мугалимдердин кесиптик компетенцияларын калыптандырууга жана билим берүүнү демократиялаштыруу суроолоруна байланыштуу аткарылган КМШ өлкөлөрүнүн жана кыргыз окумуштуу педагогдорунун этнопедагогикалык илимий эмгектерине теориялык жана методикалык жактан сын көз караш та талдоого басым жасалып, атайын сабактардын учурунда жана сабактардан тышкаары мезгилдерде демократиялуулук салттарды колдонуунун илимий-методикалык жолдоруна, принциптерине, ыкмаларына көбүрөөк көңүл бурулса, илимий эмгектин мазмундуулугу жана баалуулугу жогору болот эле.

9. **Корутунду.**

Диссертациялык иш, негизинде, педагогика илиминин учурдагы эксперименталдык жол менен эң аз изилденген, элдик педагогиканын актуалдуу маселелеринен болгон, болочок мугалимдердин кесиптик ишмердүүлүгүн калыптандырууда жана даярдоодо кыргыз элинин каада-салттарынын жана тарбиялык баалуулуктарын колдонуу менен даярдоонун

мазмунуна, түрлөрүнө, шарттарына, формаларына жана ыкмаларына байланыштуу көйгөйлүү суроолорду илимий жактан иштеп чыгууга багытталып аткарылган. Бирок, белгиленген суроолорду илимий-негизде изилдеп талдап жана аныктап чыгууда методологиялык кемчиликтерге бир аз жол берилип калган.

Жогоруда белгиленген кемчиликтер, кол жазмада жана авторефератта орун алып калган айрым мүчүлүштүктөр диссертациялык иштин илимий баалуулугуна жана сапатына өтө чоң терс таасирин тийгизбейт, алынган илимий жыйынтыктардын, натыйжалардын, жоболордун жана практикалык сунуштардын илимий-методикалык баалуулугун, ишенимдүүлүгүн төмөндөтпөйт. Белгиленген кемчиликтер жана мүчүлүштуктөр кошумча иштелип чыкса, толукталса жана ондоп-түздөөлсө диссертациялык эмгектин илимий жаңылыгы жана баалуулугу жогорку бааларга татыктуу болору шек санатпайт.

Диссертациялык иштин илимий тилде жазылышы жана атайын талаптарга жооп берүү деңгээлинде даярдалышы жалпы жонунан ортодон жогору бааланат. Изденүүчү **Баялиева Айсулуу Суютбековнанын “Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялуулук салттарды колдонуунун педагогикалык шарттары”** деген темадагы диссертациясынын кол жазмасын Кыргыз Республикасынын **“Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобонун” 10 п. талаптарына жооп берет** деп эсептесе болот.

10. **Диссертациялык кеңештин эксперти,** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыгыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча **Д. 13.20.618 диссертациялык кеңешине, 13.00.01. – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарыхы** адистиги боюнча берилген **Баялиева Айсулуу Суютбековнанын “Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялуулук салттарды колдонуунун педагогикалык шарттары”** деген темадагы диссертациясынын кол жазмасын илимий жактан талдап чыгып, диссертациялык ишти **алдын ала коргоого кабыл алууга сунуш кылат.**

**Эксперт К.Ч.Джанузаков** _______________________.

Эксперт К.Ч.Джанузаковдун колун “ТАСТЫКТАЙМ”

КЕҢСЕ

**КТ “Манас” университетинин**
**Кадрлар бөлүмүнүн башчысы** __________________ **ВЕХБИ БАШКАПАН**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Эксперт К.Ч. Джанузаковдун кол тамгасын тастыктаймын
Дисс. кеңештин окум. катчысы п.и.к., проф. Дюшеева Н.К.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

**Д 13.20.618 И. Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы диссертациялык кеңештин эксперти педагогика илимдеринин доктору, профессор Алимбеков Акматалинин 13.00.01 - Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Баялиева Айсулу Суютбековнанын "Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялык салттарды колдонуунун педагогикалык шарттары" деген темадагы диссертациясынын**

## ЭКСПЕРТТИК КОРУТУНДУСУ

Эксперт п.и.д., профессор Алимбеков А. изденүүчү Баялиева Айсулу Суютбековнанын "Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялык салттарды колдонуунун педагогикалык шарттары" аттуу диссертациялык ишти карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынып жаткан диссертациялык иш Д 13.20.618 шифрлүү диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Каралып жаткан диссертациялык иш 13.00.01- педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине жооп берүү менен болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялык салттарды колдонуунун педагогикалык шарттарын аныктоого багытталган.

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу** Кыргызстанда демократиялык процесстердин кеңири жайылып бара жаткандыгына карабастан, болочок мугалимдерди өзгөргөн шартта иштей билүүгө даярдоонун педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн изилденбегендиги; кыргыз элдик педагогикасында демократиялык салттардын жетиштүү болгондугуна карабастан, аларды болочок мугалимдерди даярдоодо атайын педагогикалык каражат катары каралбагандыгы; келечек муундарды улуттук каада-салттар аркылуу демократиялуулукка тарбиялоо талабы менен ЖОЖдордо болочок

мугалимдерди бул багытта даярдоонун теориялык негиздеринин жана методикалык жолдорунун иштелип чыкпагандыгы менен аныкталат.

**Изилдөөнүн максаты:** болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо элдик демократиялуулук каада-салттарды колдонуунун илимий-теориялык негиздерин аныктоо жана педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн объектиси**: болочок мугалимдерди жогорку педагогикалык билим берүү системасында кесиптик даярдоо.

**Изилдөөнүн предмети**: болочок мугалимдерди кыргыз элинин демократиялуулук каада-салттары аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоо процесси.

1. **Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Болочок мугалимдерди демократиялык каада-салттар аркылуу кесиптик жактан даярдоонун илимий-теориялык негиздерин аныктоо;
2. Жаштарды демократиялуулукка тарбиялоодогу кыргыз элинин каада-салттарынын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн ачып көрсөтүү;
3. Болочок мугалимдерди деомркатиялуулукка багытталган кесиптик даярдыгынын абалын аныктоо жана аны өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу;
4. Аныкталган педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү жана жыйынтыктоо.

2. **Илимий натыйжалар.**

1. Болочок мугалимдерди демократиялуулук элдик каада-салттар аркылуу кесиптик жактан даярдоонун илимий-теориялык негиздери такталган.
2. Демократиялык принциптерди жайылтууда кыргыз элинин демократиялуулук каада-салттарынын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңири экендиги айкындалган.
3. Элдик каада-салттарды колдонуу менен мектеп окуучуларын демократиялуулукка тарбиялоо боюнча кесиптик жактан даярдоонун педагогикалык шарттары, компетенцияларынын мазмуну, деңгээлдери, көрсөткүчтөрү жана аларды баалоо критерийлери иштелип чыккан.

4. Демократиялуулук каада-салттарды колдонуу боюнча болочок мугалимдерди кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары педагогикалык эксперимент аркылуу тастыкталып практикалык сунуштар иштелип чыккан.

3.1. Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын ишенимдүүлүгү жана жыйынтыктардын негиздүүлүгү: алдыга коюлган максат,милдеттерге шайкеш методдорду колдонуу, тажрыйба-эксперимент иштери, эксперименттин жүрүшүндө алынган маалыматтарды ар тараптан анализдөө аркылуу камсыздалган. Диссертациядагы эмпирикалык жана эксперименталдык изилдөөлөрдүн илимий натыйжалары, коргоого сунушталган жоболор изденүүчү тарабынан жеке иштелип чыккан.

3.2. Иштин жетиштүү деңгээлдеги теориялык мааниси бар, анткени болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо элдик демократиялуулук каада-салттарды колдонуунун илимий-теориялык негиздерин аныктоого салым кошот.

3.3. Диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары 8 илимий макалада (анын ичинен 2 чет өлкөдө РИНЦ макамындагы журналдарда) жарыяланган. Автордун илимий-методикалык эмгектери изилдөөнүн негизинде жазылган жана практикалык баалуулукка ээ.

3.4. **Квалификациялык белгилерге туура келиши.** Диссертацияда мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо элдик демократиялуулук каада-салттарды колдонуунун илимий-теориялык негиздери айкындалып такталган, жетиштүү илимий жаңылыкка жана баалуулукка ээ. Изилдөөнүн темасы Ж.Баласагын атындагы КУУнун жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын илимий иштеринин планы менен байланышкан (2003-2021).

4. **Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

1. Болочок мугалимдерди кыргыз элинин демократиялуулук каада-салттары аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоо процессинде алардын кесиптик жактан калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери, педагогикалык шарттарынын иштелип чыккан.

2. Болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоо процессинде элдик каада-салттардын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн ачылган..

3. Болочок мугалимдерде сабак учурунда жана кошумча өнүктүрүүчү “Кыргыз элдик каада-салттар жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо” аттуу кошумча өнүктүрүү программасынын окуу-методикалык комплекси түзүлүп ишке киргизилген.

4. Болочок мугалимдер үчүн сабактардын алкагында жана педагогикалык практика мезгилинде окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттарды колдонуу боюнча кеңештер, сунуштар иштелип чыккандыгы менен аныкталган.

**Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине дал келет.

**Мүчүлүштүктөр:**

1. Көчмөндүк жашоо ыңгайынын өзү балдарды демократиялык баалуулуктарга тарбиялоонун нукура мектеби болгон. Буга байланыштуу элдик педагогикаын демократулуукка тарбиялоо баалуулуктары тууралуу маалыматтар бар, бирок структуралык жактан толук эмес деп эсептейбиз. Мында элдик педагогикадагы тарбялоонун максаты, милдеттери, ишке ашыруу амалдары деген логиканы жетекчиликке алуу зарыл. Буга байланыштуу инсандар аралык мамиледеги демократиялуулукка басым жасоого багытталган макалдар көбүрөөк илимий айлампага алынса жакшы болмок.
2. Биздин пикирибизде педагогикалык процессти моделдештирүүдө темадагы түйүндүү түшүнүктөргө негизденүү зарыл. Тема: “Болочок

мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялуулук салттарды колдонунун педагогикалык шарттары". Ал эми модель : "Болочок мугалимдерин элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик жактан калыптандыруу" –деп тариздеслип анын компоненттеринде системдүүлүк сакталбай калган. Бирдей түшүнүктөр менен терминдерди колдонуудан четтөө фактылары педагогикалык шарттарды тариздөөдө да жолугат. Конкреттүү айтсак, шарттарда бирде болочок мугалимдер, бирде студенттер деген сөздөр колдонулган.

3. Авторефератта "Педагогика" багытынын окуу планындагы дисциплиналарынын мазмунун болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоого байланыштуу окуу материалдары менен өркүндөтүү маселеси конкреттүү фактылар менен бекемделген эмес.

**7. Сунуштар:** Айрым кемчиликтер мындан аркы экспертиза процессинде коргоого чейин түзөлтүлүшү зарыл.

**8. Кабыл алуу боюнча рекомендация.** Диссертацияны жогоруда белгиленген мүчүлүштүктөрдөн арылтат деген ишеним менен алдын ала коргоого сунуштаса болот.

**9. Бүтүм.** Баялиева Айсулу Суютбековнанын "Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялык салттарды колдонуунун педагогикалык шарттары", – деген темадагы диссертациясы 13.00.01 – "Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык иш катары эсептөөгө жарайт жана жаңы илимий натыйжаларды камтыйт. Изденүүчүнүн жеке салымы, ага таандык идея жана аналитикалык ырастоолор негизинен жетиштүү жана педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алууга татыктуу.

**10.** Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып И. Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.20.618 диссертациялык кеңешине 13.00.01 - "Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Баялиева Айсулу Суютбековнанын "Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялык салттарды колдонуунун педагогикалык шарттары",– деген темадагы диссертациясын алдын ала коргоо үчүн кабыл алууга сунуштайм.

**Эксперт:**

**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин**
**профессору, педагогика илиминин**
**доктору** **Алимбеков А.**

Эксперт А. Алимбековдун кол тамгасын тастыктаймын
Дисс. кеңештин окум. катчысы п.и.д., проф. Бапаева ...

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
И. Арабаев атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ